Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# МАВЛЯНА ЖАЛАЛИДДИН РУМИНИН АДАМ БОЛМУШУН ТАЛДООСУ

Бабатаев Абдирашит Маданович[1]

**ÖZET**

Bu makalede büyük İslam düşünürü Mevlana Celaladdin Rumi'nin insan konusunu nasıl ele aldığı üzerinde durulmaktadır. Mevlana'ya göre, kozmolojik açıdan meleklerle hayvanlar arasında yer alan insanın kendisi de kendine verilen yetileri kullanıp kullanamaması açısından kendi içinde bazı gruplara ayrılmaktadır. Makalede Mevlana'nın kendine has yöntemlerle insanı nasıl çözümlemeye çalıştığı genel hatlarıyla ele alınmıştır.

**Anahtat kelimeler:** *Mevlana, evren, insan, kişilik çözümlemesi, insan yetileri*

зыркы мезгилге чейин адамзат көптөгөн жаңы нерселерди ойлоп таап, илимде жана технологияда зор жетишкендиктерге жетип отурат. Бирок канчалык зор ийгиликтерге жеткендигине карабастан, адам болмуш маселеси философиялык маселе катарында дагы деле сырдуулуугун улантып келет. Анткени, адамдын сырдуулугун ар ким ар кандай түшүндүрүп келет. Бул маселеге байыркы доордо, орто кылымдарда жана азыркы мезгилде да көптөгөн ойчулдардын кайрылышкандыгын жакшы билебиз. Жалпы болмуш ичинде адам болмушунун орду жана анын өзгөчөлүктөрү көптөгөн илим тармактарынын эң негизги изилдөө предмети экендиги талашсыз. Башкача айтканда, ааламды изилдеген адамдын өзү эң көп изилдөөгө алынчу тема болуп саналат. Мындан улам анатомия - адам болмушун денелик жактан изилдеп келген болсо, искусство - адамдын сезимдик өзгөчөлүктөрүн, психология - психикалык өзгөчөлүктөрүн, ал эми философия болсо адам болмушунун бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн изилдеп келет.[2] Ошондуктан көптөгөн ойчулдар жалпы болмуш ичинде адам болмушунун ордун изилдөөгө кызыкдар болуп, бул темада көптөгөн өздөрүнүн оригиналдуу ойлорун ортого салып келишет. Булардын катарында дүйнөлүк ойлом тарыхында өзгөчө орду

---

[1] Док. Кыргыз-Түрк Манас университети, философия бөлүмү.

[2] Адам маселесине байланыштуу философияда көптөгөн агымдардын жана багыттардын пайда болгондугу маалым. Бул боюнча кенен маалымат үчүн караңыз: Mustafa Günay, *Felsefe Tarihinde İnsan Sorunu*, 3. Baskı, Karahan Kitabevi, Adana, 2010

бар ойчулдардын бири Мавляна Жалалиддин Руми[3] экендиги талашсыз.

Мавляна адам болмушун талдоону биринчи кезекте анын жалпы болмуш ичиндеги ордун жана максатын белгилөө аркылуу чечмелөөгө аракет жасагандыгын көрүүгө болот. Мавлянаны жана анын философиялык системасынын түпкү негиздерин туура түшүнүү үчүн алгач ал жашаган доордун социалдык, саясий жана маданий абалын жакшы билүү керек. Анткени ар бир адамга туулуп-өскөн жердин социалдык, саясий жана маданий абалы чоң таасир көрсөтөөрү баарыбызга жакшы маалым. Мавляна төрөлүп, эрезеге жеткен Балх шаарындагы жана анын Анадолуга көчүп келгенден кийинки ал жердеги окуялар анын көз-караштарынын калыптануусунда жана өзгөчө оригиналдуу ойлорго ээ болуусунда чоң таасир тийгизгендигин айтууга болот.[4] Ошондуктан ал мезгилдеги социалдык, саясий жана маданий абал анын жалгыз гана жашоо турмушуна эмес, жазган эмгектерине да таасирин тийгизген деп айтууга болот. Мындан улам жалпы жонунан Мавлянанын «Маснави», «Диваны Кабир», «Мектубат», «Фихи ма Фих» жана «Мажалиси Себа» аттуу чыгармаларын талдаган учурда, анын эң негизги максаты катары адамдардын арасында илимди, адептүүлүктү, ыймандуулукту жана сүйүүнү, жалпылап айтканда, адамдык асыл баалуулуктарды даңазалоого болгон аракетти көрүүгө болот.

Адам баласына мүнөздүү көптөгөн маанилүү маселелерди талдоого алган Мавляна жөнүндө сөз болгондо эң оболу анын интеллектуалдык өзгөчөлүгүн көрсөтүүдө чоң талаш-тартыштар жаралып келет. Мавлянага таандык чыгармалар талданган учурда ал кимдир бирөөлөр үчүн акын, кимдир бирөөлөр үчүн суфи, кимдир бирөөлөр үчүн аалым, ал эми кимдир бирөөлөр үчүн философ болуп саналат. Чындыгында, Мавляна көп тармактуу илимдерге ээ болгон ойчул болгондуктан анын интеллектуалдык өзгөчөлүгү ар дайым талаш маселе болуп кала бермекчи. Интеллектуалдык өзгөчөлүгү канчалык талаш маселе болсо да, анын өзүнө мүнөздүү философиялык систем түзгөндүгүн айтууга болот. Анын жалгыз гана философиялык систем түзүп гана калбастан, чеберчилик менен өзүнүн ой-толгоолорун, көз-караштарын мүмкүн болушунча эң жөнөкөй тил менен түшүндүрүүгө аракет жасагандыгын да көрөбүз. Мындан улам аны дүйнөдөгү ойчулдардын алдыңкы катарына сүрөгөн нерсе анын

---

[3] Мавляна Жалалиддин Руминин өмүр таржымалы жөнүндө кенен маалымат үчүн караңыз: Abdülbaki Gölpınarlı, *Mevlana Celaleddin: Hayatı, Eserleri, Felsefesi*, 5. Baskı, İnkilap yay., İstnabul, 1999, s. 34-123

[4] A. Selahaddin Hidayetoğlu, *Hazret-i Mevlana Muhammed Celaleddin-i Rumi Hayatı ve Şahsiyeti*, Konya Valiliği yay., Konya, 2001

чыгармаларындагы мазмундун тереңдиги жана методикасынын өзгөчөлүгү деп баса белгилөөгө болот. Анткени ал жалпы адамдарга түшүнүктүү болсун үчүн уламыштарды, символдорду жана кыйыр маанилерди колдонуп, алар аркылуу бир эле учурда адамдын аң-сезимине жана жан дүйнөсүнө таасир берүүгө аракет жасаган. Чыгармалары жана ой-толгоолору менен жалгыз өзү жашаган доорго эле эмес, кийинки доорлорго да чоң таасир көрсөткөн. Анын дүйнөлүк ойлом тарыхында орду өзгөчө экендигин тануугa болбос. Ойчулдун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири өзүнүн турмуш, дүйнө жана адам таанымын, андан пайда болгон философиялык ой – кыялдарын таамай жеткире айтып түшүндүрө алгандыгында.

Мавлянанын ойлом дүйнөсүнүн борборунда анын адам болмушу жөнүндөгү ойлору орун алат. Анын бардык чыгармаларында адам болмуш маселесин талдоого алынгандыгын көрүүгө болот. Мавлянанын аң-сезимине адамдын сырдуулугу канчалык тынчтык бербегендигин «Мен киммин? Эмне үчүн көптөгөн уйгу-туйгу ойлордун ичиндемин? Эмне үчүн ар дайым ары-бери чайпалып жүрөм? Чындыгында, мен киммин?..» - деген ойлорунан даана байкоого болот.

Мавляна адамды космологиялык жактан ааламдын борборуна жайгаштырса, онтологиялык жактан жан менен дене бүтүндүгү түшүнүгүн эске алуу аркылуу физикалык жана метафизикалык ааламдын ортосунан орун берет. Мавлянанын көз-карашы боюнча, жаратылгандар жалпы жонунан төмөндөгүдөй үч группага бөлүнөт:

1. Периштелер (жалгыз гана акылга ээ);
2. Адамдар (акыл менен напсиге ээ);
3. Айбандар (жалгыз гана напсиге ээ).[5]

Ал эми жандыктар классификациясында ортонку катмарда орун алган адамды Мавляна төмөндөгүдөй категорияларга бөлүштүрөт:

1. Дүйнө азгырыктарына алданбаган, өз аракети менен периштелерден кем калбаган адамдар;
2. Көр дүйнөгө, физикалык кумарларга берилген, айбандардын деңгээлиндеги адамдар;
3. Периштелик өзгөчөлүктөрү менен айбандык өзгөчөлүктөрү ар дайым алпурушуп турган адамдар.[6]

Жогорудагы категорияларды жакшылап талдаган учурда адамдардын рухий тазалыгы, акылы, билими, ыймандуулугу аркылуу

---

[5] Mevlânâ, *Fîhi Mâ Fîh*, çev., Meliha Ülker Anbarcıoğlu, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul, 1990, s. 30

[6] Mevlâna, *Mesnevî*, c. IV, çev., Veled İzbudak, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul 1991, s. 123-124

гана жогорку категорияга көтөрүлө ала тургандыгы, ал эми адепсиздик, бузукулук, көрө албастык сыяктуу терс көрүнүштөргө жол берген учурда айбандардын деңгээлине түшүп кетээри айныгыс чындык катарында баса белгиленет. Албетте, Мавлянанын адам болмушун талдоосунда Ислам дининин таасири өтө күчтүү экендиги даана байкалат. Анткени анын бардык чыгармаларында Исламдын асыл идеялары эң негизги леймотив катары кызмат аткарып тургандыгын көрөбүз. Анын көз карашы боюнча сырдуу зат болгон адамды башка илимдер аркылуу эмес, жалгыз мистикалык жол аркылуу гана толук таанып-билүүгө болот. Канчалык даражада адам турган турпаты боюнча ааламдын кичинекей бөлүкчөсү болгондугуна карабастан, ал ааламдын түпкү негизи.

Мавлянанын ой жүгүртүү системасында адам жана адамга болгон сүйүүнүн эң чоң чегин көрүүгө болот. Анткени анын пикиринде адам жаратылган жандуу жана жансыз нерселердин арасында өзгөчө орунга жана мааниге ээ. Ойчулдун көз карашы боюнча адам аябагандай чоң баалуулуктарга ээ болуп жаралган. Эгерде өзүндөгү улуулукту байкабаса жана ал нерсенин маани-маңызын түшүнбөсө, андай адам өзүнүн маңызына кыянаттык кылган болот.

Ал адам потенциалдуу түрдө ээ болгон аруулукту жана улуулукту баамдай албагандыгын, анын баркын сезе билбегендигин, көр дүйнө азгырыктарына моюн сунуп калгандыгын өкүнүү менен баса белгилейт. Өзүнүн кадырын биле албаган адамды арсыз пенде деп сыпаттаган. Чындыгында, адамдын көзүн кызарткан байлыктын баары анын кызматына жаратылгандыгын унутуп, дүйнө-мүлккө кызмат кылып калгандыгы аябай эле өкүнүчтүү экендигин жар салган. Мавляна адам мал-мүлккө ээ болбостон, мал-мүлк адамга ээлик кылып калгандыгын[7] кайгыруу менен белгилейт.

Мавляна "төгөрөгү төп келишпеген адамдарды" бой жетип бышпаган мөмөлөргө салыштырып дүнүйө мүлкүнө берилүү - бышпаган адамдын өзгөчөлүгү[8] деп баса мүнөздөйт. Бышпаган мөмөлөр дарактын бутактарында бекем, кебелбей тургандыктан, аларды үзүп алуу, башкача айтканда алардын дүйнө мүлккө болгон кызыгуусун азайтуу татаал аракет. Анткени дүйнө мүлкүнө берилген адам үчүн ал нерседен кечип кетүү оор болуп саналат. Мөмөнүн толук бышып, дарактын сабынан жеңил-желпи үзүлгөнүндөй, адам баласы

[7] «Ээлик кылуу маселеси» 20-кылымда батыш философиясында анропологиялык өнүттө өнүккөн таасирдүү багыттардын бири болгон экзистенциализмде курч коюлгандыгын айтууга болот. Кенен маалымат үчүн караңыз: H., J. Blackham, *Altı Varolusçu Düsünür: Kierkegaard, Nietzsche, Jaspers, Marcel, Heidegger, Sartre*, Dost Kitabevi yay., Ankara, 2005

[8] Mevlânâ, Celâleddin Muhammed b. Muhammed b. El-Hüseyin el-Belhî er-Rûmî, *Mesnevî*, c. III, çev., Veled İzbudak, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul 1991, 1293, s.

да бардык нерсени толук негизде түшүнгөндө гана дүйнө байлыгына болгон көз карандылыктан кутулат. Ошондуктан Мавлянанын көз карашы боюнча түбөлүктүү нерсе менен туруксуз нерсени ажыратууга аң-сезими жеткен адам "машук-и илахи", башкача айтканда Жаратканга ашык болуп саналат. Ал эми өтө майда каалоолордон жана практикалык жеке кызыкчылыктардан оолак боло албаган адамдардын аң-сезимдик өзгөчөлүктөрүн «…кээ бир адамдар укмуштуудай илимдерди билишет, бирок өзүнүн максатын билбейт. Бардык заттардын салмагын билишет, бирок өзүнүн маңызын билбейт, бардык кездемелердин баасын билишет, бирок өзүнүн адамдык баасын билишпейт…»[9] деп таамай талдап, так баа берет. Мындан улам анын талантуулугун өзүнүн ойлорун кыябын таап туруп, аң- сезимге жеткире айтып берүү жөндөмдүлүүгүнөн байкоого болот.

Өзүнүн жашоосун "чийки элем, быштым, күйдүм" деген үч сөз менен түшүндүрүүгө аракет жасаган Мавляна 1273-жылы 17-декабрда 66 жаш курагында дүйнө салган. Ал түбөлүктүү сүйгөнү Улуу Жаратканга баруучу күн санаган өлүм күнүн "жаңыдан төрөлүү күнү" катарында сүрөттөп, ал күндү "той күнү" маанисин түшүндүрүп "Шеби Арус" деп атаган. Ошондуктан ал өзү өлгөндөн кийин артынан адамдардын ызы-чуу салып ыйлабоосун мурас катарында табыштаган. Анткени, анын көз карашында өлүм чыныгы өмүрдүн башаты болуп саналат. Франциялык окумуштуу Ирене Меликофф,"Мавлянанын чыгармаларын дүйнө жүзүндөгү улуттардын баары өз эне тилдерине которуп окуган болсо, анда дүйнөдө жамандык, согуш, көрө албастык жана жек көрүү деген жаман адаттардын бирөө да калмак эмес"[10],- деп айтуу менен кайсы динге жана кайсы маданиятка тиешелүү болгондугуна карабастан, ар бир адам Мавлянанын чыгармаларында өзүнүн жашоо философиясына байланыштуу көптөгөн нерселерди таба аларын баса белгилеген. Мындан улам Мавлянанын өзүнө мүнөздүү болгон ойлору адамзаттын жалпы интеллектуалдык асыл казынасына чоң салым гана кошпостон, жалпы адамзатка туура багыт берүүчү парадигма катары кызмат кылгандыгын да айтууга болот. Анын жазып калтырган чыгармалары өзүнүн актуалдуулугун жоготпой кылымдарга кызмат кыла бермекчи.

**Колдонулган адабияттар**

Blackham, H. J., *Altı Varolusçu Düsünür: Kierkegaard, Nietzsche, Jaspers, Marcel, Heidegger, Sartre*, Dost Kitabevi yay., Ankara, 2005

---

[9] Mevlânâ, *Mesnevî*, c. III, çev., Veled İzbudak, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul 1991, s. 215

[10] Feyzi Halıcı, *"Mevlânâ Dostları"*, Selçuk Üniversitesi I. Milli Mevlânâ Kongresi, Konya 1986, s. 103

Gölpınarlı, Abdülbaki, Mevlana Celaleddin: Hayatı, Eserleri, Felsefesi, 5. Baskı, İnkilap yay., İstnabul, 1999

Günay, Mustafa, *Felsefe Tarihinde İnsan Sorunu*, 3. Baskı, Karahan Kitabevi, Adana, 2010

Hidayetoğlu, A. Selahaddin, *Hazret-i Mevlana Muhammed Celaleddin-i Rumi Hayatı ve Şahsiyeti*, Konya Valiliği yay., Konya, 2001

Halıcı, Feyzi, "*Mevlânâ Dostları*", Selçuk Üniversitesi I. Milli Mevlânâ Kongresi, Konya 1986

Mevlâna, *Fîhi Mâ Fîh,* çev., Meliha Ülker Anbarcıoğlu, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul, 1990

Mevlâna, *Mesnevî*, c. III, çev., Veled İzbudak, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul 1991

Mevlâna, *Mesnevî*, c. IV, çev., Veled İzbudak, Milli Eğitim Bakanlığı Yayınları, İstanbul 1991